# Ачык сабак: Ата – энемдин кесиби
# класс – 7
# 2020-2021  окуу жылы
# Мугалим: Кайыкеева К.С.

**Сабактын кептик темасы:** ***Ата – энемдин кесиби.***
***Грамматикалык темасы: Этиш***

***Жаңы лексика: оорукана, хирург, бала доктур, милдети, байкоо жүргүзөмүн, оорулуу, жылуу мамиле, камкордук, бактылуу сезет, адамдын өмүрү.***




103
ШВИДКА МЕДИЧНА ДОПОМОГА
AX 2283 KX















- **Сабактын максаты:**
- ***Тилдик:*** кесиптер темасындагы жаңы лексиканы өздөштүрөт, мурунку лексиканы активдештирет. Өздөрүнүн ата-энелеринин кесиптери жөнүндө танышышат, айтып бере алышат. Этиш сөздөрдү туура таап, суроо коюуну үйрөнүшөт.
- ***Кептик – катыштык:***
- Кесип темасында сүйлөйт. Сабакта тексти окуп, түшүнүп, суроолорго жооп берет, тексти талкуулашат.
-
- ***Социомаданий:***
- Ата – эненин кесибин сыйлоого, урматтоого тарбияланат. Топтордо, жуптарда бири – бири менен сылык мамиле түзүүгө, өз ара аракеттенүүгө көнүшөт.
-
- **Сабактын формасы:** топтордо иштөө, аңгемелешүү.
-
- **Сабактын тиби:** жаңы билимдерди өздөштүрүү сабагы.
-
- **Сабактын ресурстары:** ОТК – кесиптер темасындагы жаңы сөздөр боюнча
- сүрөттөр, таяныч сөздөр, баалоо баракчасы.
-

- **Сабактын жүрүшү.**
-
- **Уюштуруу учуру:** Саламдашуу,жоктоо.
- **Сабакка чакыруу** (Комплимент айтышат)
- **Үй тапшырмасын суроо.**
- Ар бир окуучу ата – энесинин кесиби жөнүндө маалымат даярдоо (сүрөт же презентация менен айтып беришет).
-
- **Өтүлгөндөрдү кайталоо.**
- Эки топко бөлүнүп иштейбиз.
- – слайд. Кесиптер боюнча сүрөттөр. Сүрөттөргө сүйлөм түзүлөт.







**Жаңы материалды өздөштүрүү.**

•– слайд. Жаңы сөздөрдү семантизациялоо. Ар бир топ ушул жаңы сөздөрдөн сүйлөм түзүп жазышат.

| | |
|---|---|
| **Хирург**<br>**оорулуу - пациент**<br>**милдет**<br>**камкордук**<br>**тез жардам**<br>**бактылуу сезет**<br>**байкоо жүргүзөт**<br>**оорукана** | **Окуучулар жаңы лексиканы өздөштүрүшөт, сөздөрдүн маанилерин сүрөттөр аркылуу түшүнүшөт, сөздөрдү хор менен кайталашат, сөз айкаш, сүйлөм түзүшөт.**<br>**Эмне кылат? Деген суроону бергенди, аларга жооп бергенди үйрөнүшөт.**<br>**Хирург – эмне кылат? Операция жасайт.**<br>**Тез жардам – оорулуну алып кетет.**<br>**Дарыгер оорукана иштейт.** |

- Демек, балдар, бүгүнкү биздин сабагыбыздын кептик темасы: Ата – энемдин кесиби.
- Грамматикалык тема: Этиш
- Бүгүнкү биздин сабагыбыздын максаты: Мугалим экранга сабактын максаттарын чыгарганда аларды үн чыгарып окушат, максаттары боюнча суроолору болсо суроосун беришет.
- Кесип темасындагы сөздөрдү үйрөнөбүз, мурунку лексиканы активдештиребиз. Эмне кылат деген суроону тура коебуз.
- Жаңы текст окуйбуз, жазуу, көнүгүү иштерин аткарабыз.
- Топтордо бири – бирибиз менен иштейбиз. Бири – бирибизге сылык мамиле кылабыз, бири – бирибизге жардам беребиз.

- **Көнүгүү иштөө (66 – бет 47 – көнүгүү, доскага иштөө).**
- **Эмне кылат?**
- Ашпозчу ашканада тамак жасайт.
- Дүкөнчү дүкөндө товар сатат.
- Куруучу курулушта кыш коет.
- Доктур ооруканада бейтапты карайт.
- Ким батыраак оюну. Кайсы кесип экенин тапкыла.
- а) Бул адам коп окуп, иштеп, илимий изилдөөлөрду жүргүзөт. Ал ойлонгонду жакшы көрөт. Анан кесиби ...
-
- б) Бул адам космос мейкиндигин аралап жүрөт. Ал планеталар туралуу ачылыштарды жасайт. Ал учканды жакшы көрөт. Анан кесиби ...
-
- в) Бул адам ар кандай ролдорду аткарат. Ал кинодо да, театрда ойнойт. Ал ролдорду аткарганды жакшы көрөт. Анын кесиби ...
-
- г) Бул адам абдан жоопкерчиликтүү, ал адамдарды өрттөн сактайт. Ал адамдарга жардам бергенди жакшы көрөт. Анын кесиби ...

**Диалог менен иштөө.** (жуптарда иштешет, доскада таяныч сөздөр менен)

| | |
|---|---|
| 1. Сенин атаңдын аты ким?<br>2. Ал кайда иштейт?<br>3. Ал кандай жумуш аткарат?<br>4. Сага атаңдын кесиби жагабы?<br>5. Эмне үчүн? | 1. Сенин апаңдын аты ким?<br>2. Ал кайда иштейт?<br>3. Ал кандай жумуш аткарат?<br>4. Сага апаңдын кесиби жагабы?<br>5. Эмне үчүн? |

- **Текст менен иштөө. (тексти эки тыным менен окушат)**
- **I** тыным боюнча суроолор:
- Аянын атасы ким болуп иштейт?
- Апасычы?
- Аня ата – энесинин жумушуна эмнеге барып турат?
- Атасы пациентерине кандай мамле жасайт?
-
- **II** тыным боюнча суроолор:
- Үйдө бирөө ооруп калса кандай жардам көрсөтүлөт?
- Алар кимге дарыланышат?
- Алар өз кесибин жакшы көрүшөбү?
- Алардын негизги милдети эмне?
- Силерге дарыгер болуу жагабы?
- Дарыгер болуш үчүн кандай сапаттарга ээ болуш керек?

- **Жыйынтыктоо.**
- 
- I  топ кластер түзүшөт. Дарыгердин милдети.
- II топ кластер түзөт. Дарыгердин сапаттары.
- 
- **Баалоо.** (ватманда жылдызчалар).
- Биздин ата – энелерибиз дайыма ушул жылдыздардай жаркырап,  жайнап жүрө беришсин.
- **Үйгө тапшырма.**  «Ата - энемдин кесиби» деген темада 5-6 сүйлөмдөн турган аңгеме.